**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

14.09.2022-ж. Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кенешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XV-сессиясынын**
**№ 1-ТОКТОМУ**

**Биринчи Элдик Курултайга**
**Базар-Коргон шаарынан**
**делегаттарды шайлоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 15-август 2022-жылдагы “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” № 284 сандуу Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкулүнүн “Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүү” жөнүндөгү 29-август 2022-жылдагы № 243-6 буйругун аткарууга алуу максатында Биринчи Элдик Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планын жана Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынан жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин Нускамасын бекитүү жөнүндөгү маселелерди карап чыгып талкуулап, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XV-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 15-август 2022-жылдагы “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” № 284 сандуу Жарлыгынын негизинде Биринчи Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын айылдык Аймактарынан жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин нускамасы менен Элдик Курултайды даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы колдоого алынсын. (№ 1, №2 тиркеме тиркелет).
2. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүү боюнча Базар-Коргон шаардык Кеңеши тарабынан жумушчу топ түзүлүп, курамы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жергиликтүү курултайларды өткөрүү графиги 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Жергиликтүү курултайларда Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо мезгилинде мыйзамдуулукту камсыз кылуу, коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту сактоо жагы Базар-Коргон РИИБнүн башчысына жүктөлсүн.
5. Элдик Курултайга карата жүрүп жаткан иш чараларды массалык маалымат каражаттары аркылуу чагылдырылсын.
6. Токтомду аткаруу жана уюштуруу иштерин алып баруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевге жүктөлсүн.
7. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Базар-Коргон шаарын мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
8. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы төраганын орун басары К.Анарбековко милдеттендирилсин.
9. Бул токтом дун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Базар-Коргон шаар**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**

Тиркеме №1

Базар-Коргон шаардык кеңешинин

2022-жылдын 14-сентябрындагы

№1-токтому менен бекитилген

Базар-Коргон шаардык кеңешинин Жергиликтүү Курултайын өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы

| № | Ф.А.А. | кызматы |
|---|---|---|
| 1. | Анарбеков Курманбек Кубанычович | төрага |
| 2. | Сулайманова Айгул Жусуповна | мүчөсү |
| 3. | Омурзаков Абдрахман Каримович | мүчөсү |
| 4. | Базаркулова Гульмира Каримовна | мүчөсү |
| 5. | Мажиев Нурсейит Тойчубекович | мүчөсү |
| 6. | Маматова Самара Камилжановна | мүчөсү |
| 7. | Камалдинов Адилбек | мүчөсү |
| 8. | Досматов Нурали | мүчөсү |
| 9. | Мирзаев Азим | мүчөсү |
| 10. | Базарбаев Нургазы | мүчөсү |
| 11. | Сатаров Мурат | мүчөсү |

**Базар-Коргон шаар**
**Кеңешинин төрагасы: З. Садыков**

Тиркеме №2

Базар-Коргон шаардык кеңешинин
2022-жылдын 14-сентябрындагы
№1-токтому менен бекитилген

Базар-Коргон шаардык кеңешинин Жергиликтүү Курултайына делегаттарды көрсөтүү боюнча өткөрүлүүчү чогулуштардын (жыйындардын)

**ГРАФИГИ**

| № | Айылдардын аталышы | Жыйын өтүүчү датасы , убактысы | Жыйын өтүүчү орду | Көрсөтүлгөн делегаттардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ак-Тайлак-Ата-1 | 17.10.2022-жыл Саат 10.00 | № 4 Навои о.м.залы | 31 |
| 2. | Ак-Тайлак-Ата-2 | 17.10.2022-жыл Саат 14.00 | № 26 А.Худайбердиев о.м.спорт залы | 32 |
| 3. | Бабур-1 | 17.10.2022-жыл Саат 16.00 | № 3 Бабур о.м.залы | 32 |
| 4. | Бабур-2 | 18.10.2022-жыл Саат 10.00 | № 1 Макаренко о.м.актовый залы | 31 |
| 5. | Беш-Бадам | 18.10.2022-жыл Саат 13.00 | № 23 А.Эралиев о.м.спорт залы | 4 |
| 6. | Жети-Кошкон | 18.10.2022-жыл Саат 15.00 | № 24 С.Нурдавлетов о.м.залы | 4 |
| 7. | Ленин-МТФ | 18.10.2022-жыл Саат 16.00 | Т.Жумабаева н.б.б.м | 3 |
| 8. | Сай-Коргон | 19.10.2022-жыл Саат 10.00 | У.Колдошева н.б.б.м | 4 |
| 9. | Совет-1, Кызыл | 19.10.2022-жыл Саат 15.00 | № 11 М.Алыкулов о.м.спорт залы | 25 |
| 10. | Совет-2, Орто Сай | 20.10.2022-жыл Саат 14.00 | Көкчогоз спорт залы | 24 |
| 11. | Эне-Сай, Чубак ажы | 20.10.2022-жыл Саат 11.00 | № 30 О.Атабекова о.м Актовый залы | 10 |

**Базар-Коргон шаар**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К.**